| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ КАРА-КӨЛ ШААР АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ ШААРДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**24.02.2026-ж. № 01-09/1** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин 2025-жылдын 09-сентябрындагы №69/10-9 “Серый көчөсүндөгү жалпы аянты 1,37 га муниципалдык жер тилкесине “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААК тарабынан көп кабаттуу үй курууга макулдук берүү жөнүндө” токтомун жокко чыгаруу жөнүндө**

Кара-Көл шаарынын мэринин орун басары М.А.Абдыкалыковдун “Серый көчөсүндөгү жалпы аянты 1,37 га муниципалдык жер тилкесине “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААК тарабынан көп кабаттуу үй курууга макулдук берүү жөнүндө” Кара-Көл шаардык кеңешинин 2025-жылдын 09-сентябрындагы № 69/10-9 токтомун жокко чыгаруу жөнүндө кайрылуусун жана шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө ” Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Кара-Көл шаардык кеңешини 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XIV сессиясы **токтом кылат:**

Кара-Көл шаардык кеңешинин 2025-жылдын 09-сентябрындагы №69/10-9 “Серый көчөсүндөгү жалпы аянты 1,37 га муниципалдык жер тилкесине “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААК тарабынан көп кабаттуу үй курууга макулдук берүү жөнүндө” токтому жокко чыгарылсын.

ара-Көл шаарынын мэриясы (Н.О.Орозбаев), муниципалдык менчик башкармалыгы (Т.М.Доулдаев) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте бул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды көрсүн.

ул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), Кара-Көл шаарынын мэриясынын ММБна (Т.М.Доулдаев), ал эми аткарылышын көзөмөлдөө жагы өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**24.02.2026-ж. №01-09/2** **Кара-Көл шаары**

**Шаардык бюджеттин 2025-жылдын жыйынтыгы менен бош калган калдык, үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-бөлүкчөсүнө ылайык Кара-Көл шаардык бюджеттин 2024-жылдын жыйынтыгы менен бош калган калдык, үнөм каражаттарын каржылоо жөнүндө шаардык кеңештин 14.03.25-ж. №23/5-9, "Кара-Көл шаарынын 2025-жылга шаардык бюджети жана 2026-2027-жылдарга болжолу жөнүндө" 14.03.25-ж. №24/5-9, 2025-жылдын 8 айынын жыйынтыгы менен пландан ашыкча аткарылган каражат жана бош калган калдык, үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө 09.10.2025-ж. №61,63/10-9, сандуу токтомдорун аткарууда 2025-жылдын жыйынтыгы менен шаардык бюджетте бош калган, үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэри Н.О.Орозбаевдин шаардык кеңешке жолдогон 16.02.25-ж. №01-20/817 чыгыш сандуу катынын негизинде шаардын мэринин билдирүүсүн, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымынын орун басары З.Бопошовдун кошумча маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XIV сессиясы **токтом кылат:**

1.Кара-Көл шаардык кеңештин 2025-жыл ичинде тиешелүү токтомдорун аткаруунун жыйынтыгы менен шаардык бюджетте бош калган калдык, үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэри Н.О.Орозбаевдин билдирүүсү, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымынын орун басары З.Бопошовдун кошумча маалыматы эске алынсын.

2. Шаардык бюджетте 2025-жылдын жыйынтыгы менен (**2 616,8 миң сомдук** атайын каражатты эске албаганда) пайда болгон **74 609,7 миң сомдук** бош калган, үнөм каражаттын эсебинен шаардык бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелердин 2025-жылдын 1-январына пайда болгон **32 471,0 миң сомдук** кредитордук карыздарды жана **42 138,7 миң сомдук** бош калган калдык, үнөм каражаттарды Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 44-беренесинин 4-пунктунун талабынын негизинде 1,2,3 тиркемелерге ылайык мыйзам чегинде каржылануусу бекитилсин жана аталган каражаттар шаардык 2026-жылдын бюджетинде эске алынып, шаардык бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелердин бюджетине тиешелүү тактоо ("уточнение") киргизилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 103-беренесинин 1,3-пунктунун талабынын негизинде шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл башкармалыгына (Ж.Т.Осмонкулов), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамытканова) жүктөлсүн

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

# *ТОКТОМ*
# *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

**24.02.2026-ж. №01-09/3** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын 2026-жылга шаардык бюджети жана 2027-2028-жылдарга болжолу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик кодекси”, “Кыргыз Республикасынын 2026-жылга жана 2027-2028-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө”, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамдарынын тиешелүү беренелеринин талаптарына ылайык “Кара-Көл шаарынын 2026-жылга шаардык бюджети жана 2027-2028-жылдарга болжолу жөнүндө” шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын начальниги Ж.Т.Осмонкуловдун жана шаардык кеңештин бюджеттик комиссиясынын төрайымынын орун басары З.Бопошовдун билдирүү-маалыматтарын угуп, талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XIV сессиясы **токтом кылат:**

1. “Кара-Көл шаарынын 2026-жылга бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 30-декабрь 2025-ж. №14-2/21001 сандуу катынын негизинде Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде бекитилген **266 734,1 миң сомдун ордуна** шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын (ШММБ) калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы боюнча план кошумча **2 000,0 миң сомго** көбөйтүлгөнүн эске алып, жалпы **268 734,1 миң сомго балансташтырылып** 1,2,3,4,5-тиркемелерге ылайык бекитилсин.

2. Кара-Көл шаарынын 2027-2028-жылдарга шаардык бюджеттин негизги параметрлери 1-тиркемеге ылайык жактырылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 79,103-беренелеринин талаптарынын негизинде шаардык бюджетти камсыз кылуу кызыкчылыгын коргоо, **балансташтыруу максатында** шаардык бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн аткарылбагандыгы үчүн жоопкерчилик шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгына (Т.М.Уметов), ШММБна (Т.М.Доулдаев), Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Ж.Т.Осмонкулов) жүктөлөөрү белгиленсин.

4. Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгы (Ж.Т.Осмонкулов) мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгы (Т.М.Уметов) менен биргеликте салыктардын салыктык базаларынын аздыгынан түшүү, жоготууга учуроо жагдай пайда болсо *(“выпадение, потерь доходов в бюджете”)* эсеп-кысап анализдерин Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги менен шаардык бюджеттин киреше бөлүгүнүн планына тактоо *(“уточнение”)* киргизүү боюнча иш алып баруусу жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-бер. 4-п., 103-бер. 3-п. талабынын негизинде бул маселени

чечүүдөн келип чыккан өзгөртүүлөр боюнча шаардык бюджеттин киреше, чыгаша бөлүктөрүнө тактоо *("уточнение")* киргизүү сунушталсын.

5. **Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Ж.Т.Осмонкулов):**

5.1. "Кыргыз Республикасынын 2026-жылга жана 2027-2028-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" мыйзамынын 11-беренесинин 1-пунктунун талабына ылайык шаардык бюджеттин 2026-жылга каралган чыгымдарды каржылоону биринчи кезекте корголгон беренелер (эмгек акы, соц.фондго чегерүү, тамак аш, жеңилдиктер) жана коммуналдык кызмат боюнча жүзөгө ашырылуусу, ал эми калган чыгымдарды приоритеттүүлүгүнө жараша "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин" 107,113-беренелеринин талабынын негизинде бюджеттик жыл ичинде бюджеттин иш жүзүндө аткарылышын талдоонун жана бюджеттик жылдын аягына чейин кирешелердин аткарылышынын күтүлүүчү баалоосунун негизинде **шаардык бюджеттин балансташканын** эске алуу менен жүргүзүүсү сунушталсын.

5.2. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 109-бер. 1,2,3-п.п. талабына ылайык жыл ичинде оперативдүү чечилүүчү маселелер боюнча бюджеттик мекемелердин беренелериндеги каражаттарды (корголгон беренелерден жана коммуналдык чыгымдардан сырткары) алардын өтүнүчтөрүнүн негизинде экономикалык классификациясынын беренелеринин ортосунда жалпы бюджеттик каражаттардын ассигнованиелеринин чектеринде каражаттарды кайра бөлүштүрүүгө **бюджеттин балансташканын эске алып каржылоо**, алардын бюджетине тактоо ("уточнение") киргизүү сунушталсын, анын ичинде:

- Каржылык жылдын ичинде кайра бөлүштүрүлгөн каражаттардын жалпы көлөмү бюджеттик мекемелердин жылдык бюджеттик каражаттарынын жыйынды көлөмүнүн өлчөмүнөн **5 (беш) пайызынан** ашпоого тийиш экендиги белгиленсин.
- Бюджеттик мекемелердин сунуштарына ылайык каржылык жылдын ичинде беренеден беренеге жана бөлүмдөн бөлүмгө жылдыруу жолу менен каржылоо шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин уруксатынын негизинде ишке ашырылсын.
- Шаардык бюджетти аткаруу процессинде шаардык мэрия (Н.О.Орозбаев) шаардык мэриянын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасында же **"Өнүгүү бюджетине"** бекитилген каражаттарды кайра бөлүштүрүүгө укуксуз экендиги белгиленсин.

5.3. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 51-беренесинин талабына ылайык республикалык бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелерге (шаардык мэриянын муниципалдык менчигинде турган объектилерди эске албаганда) шаардык бюджеттен каражат бөлүүгө жана каржылоого жол бербөө сунушталсын.

5.4. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 44-бер. 4-п. талабына ылайык пландан ашыкча жыйналган кирешелердин көлөмү жылдын жыйынтыгы менен гана аныкталуусу белгиленип, айдын, кварталдын жыйынтыгы менен пландан ашыкча жыйналган каражаттарды кийинки айдын, кварталдын пландуу чыгымдарына каржылоо сунушталсын.

6. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-февралындагы "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык санынын чегин, түзүмүн жана штаттык расписаниесин бекитүү жөнүндө" №81 токтомуна ылайык шаардык мэрияга контракттык негизде кошумча үч

штаттык бирдикке айлык акы, соцфондго чегерүүгө **2 438,6 миң сом** суммасында каражат каралганы эске алынсын.

7. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 110-беренесинин талабына ылайык 2025-жылдын 1-январына шаардык бюджет боюнча жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча **200,0 миң сом** суммасында белгиленсин.

8. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесинин талабына ылайык жалпы шаардык бюджеттин чыгымдарынын *(атайын каражатсыз)* **251 329,1 миң сомдук** көлөмүнүн **1,1** (бир бүтүн ондон бир) пайызы, же **2 742,6 миң сом** өлчөмүндө шаардык мэриянын резервдик фонду болуп бекитилсин жана аталган каражат жалпы шаардык бюджеттин пландуу чыгымынын көлөмүнө жараша "Шаардык мэриянын резервдик фонду жөнүндө" Жобонун негизинде шаардык мэриянын тиешелүү буйруктарына ылайык каржылануусу белгиленсин.

9. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-бер. 3-п. талабына ылайык бирдиктүү казыналык эсептен тышкары мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешелерди түзүүнүн жана пайдалануунун фактылары табылган учурда көрсөтүлгөн кирешелердин суммасы шаардык бюджеттин кирешесине кошуп эсептөөгө жатаары белгиленсин.

10. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 130-бер. 2-п. талабына ылайык бюджеттик мекемелердин жетекчилери Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарынын талаптарын сактоону камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик алышаары жана бюджеттик мекемелердин бюджеттик каражаттарды сарптоо үчүн жоопкерчиликтүү болгон кызмат адамдары каржылык тартипти бузган жана кызматтык милдеттерин аткарбаган учурда, анын ичинде бюджеттик каражаттарды негиздүү, максаттуу, мыйзамдуу сарпталышына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчилик тартышаары белгиленсин.

11. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 130-бер. 1-п. талабына ылайык шаардык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн **бюджеттин балансташканын эске алуу менен** каржыланышы жана аткарылышы Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын (Ж.Т.Осмонкулов) жоопкерчилигинде экендиги белгиленсин.

12. Кыргыз Республикасынын "Жарандык коргонуу жөнүндө" Мыйзамдын 2-бөлүм 10-беренесинин, "Калкты жана аймакты табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан коргоо жөнүндө" Мыйзамдын 13-беренесинин, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамдын 27-бер. 1-п. 21)-п.п. талабынын негизинде өзгөчө кырдаал учурунда алардын кесепеттерин жоюу максатында ШММБнын "Транспорттук кызмат көрсөтүү" беренесинде **300,0 миң сом "кол тийбес запас"** катары кармалуусу жана аталган каражатты өзгөчө кырдаалдар учурунда атайын түзүлгөн комиссиянын корутунду-чечиминин негизинде мэриянын буйругуна ылайык каржылоо сунушталсын.

13. "Кыргыз Республикасынын 2026-жылга жана 2027-2028-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Мыйзамдын 16-беренесинин талабына ылайык ушул жылы кабыл алынган ченемдик укуктук актылар боюнча кошумча финансы ресурстарын талап кылынган чыгымдар "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин" 4-бер. 2-п. талабынын негизинде кийинки жылдык бюджетте бюджеттин акыбалына жараша каралаары белгиленсин.

14. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин талаптарынын негизинде ушул токтомго бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин экендиги белгиленсин.

15. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 79-бер. 3-подпунктунун талабына ылайык Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгы (Ж.Т.Осмонкулов), мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгы (Т.М.Уметов), ШММБгы (Т.М.Доулдвеа) тарабынан даярдалган шаардык бюджеттин аткарылышы боюнча алты, тогуз айлык жана жылдык отчетторду шаардык мэрия (Н.О.Орозбаев) шаардык кеңешке өз убагында тапшыруусу сунушталсын.

16. Бул токтомдун аткарылышы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 103-бер. 1,2,3-п.п. талаптарынын негизинде шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Ж.Т.Осмонкулов) жана мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгына (Т.М.Уметов), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджеттик комиссиясына (Т.А.Мамытканова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**24.02.2026-ж. № 01-9/4** **Кара-Көл шаары**

**“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге кошумча үстөктөрдү кошуу жөнүндө” шаардык кеңештин 05.09.2024-ж. №187/39-8 сандуу токтомун 2025-2026-жылдарга күчүндө калтыруу жөнүндө**

Кара-Көл шаардык мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын (ШММБ) башчысы Т.М.Доулдаевдин, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын начальниги Ж.Т.Осмонкуловдун билдирүүлөрүндө Кара-Көл ШММБнын айдоочуларына, ар түрдүү жумушчуларына, кароолчуларына, кенже тейлөөчү кызматкерлеринин тамак-аштарына жана транспорт чыгымдарына материалдык колдоо көрсөтүү менен кирип чыгуу *(“текучесть кадров”)* маселесин оңго чечүү, аткарган иштеринин сапатын жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 23-январындагы №22 сандуу “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттары жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 сандуу “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомдорунун негизинде Кара-Көл шаардык кеңештин 2010-жылдын 21-майындагы №69/19-5, 2016-жылдын 4-июлундагы №94/34-6, 2019-жылдын 10-апрелиндеги №153/27-7 сандуу токтомдору менен айдоочуларга - **3200 сом**, ар түрдүү жумушчуларга - **5500 сом**, кароолчуларга - **1000 сом**, кенже тейлөөчү кызматкерлерге - **3500 сомдон** тамак-аштарына жана транспорт чыгымдарына кошумча төлөнгөн үстөк төлөмдөр төлөнүп келингендиги белгиленип, аталган кошумча төлөмдөр боюнча “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге кошумча үстөктөрдү кошуу жөнүндө” шаардык кеңештин 05.09.2024-ж. №187/39-8 сандуу өзүнчө кабыл алынган токтомун 2025-2026-жылдарга күчүндө калтыруу боюнча Кара-Көл ШММБнын башчысы Т.М.Доулдаевдин, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын начальниги Ж.Т.Осмонкуловдун билдирүүлөрү жана шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымынын орун басары З.Бопошовдун кошумча маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XIV сессиясы **токтом кылат:**

1. Кара-Көл ШММБнын башчысы Т.М.Доулдаевдин, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын начальниги Ж.Т.Осмонкуловдун билдирүүлөрү жана шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымынын орун басары З.Бопошовдун кошумча маалыматы эске алынсын.

2. “Кара-Көл ШММБнын айдоочуларына, ар түрдүү жумушчуларына, кароолчуларына, кенже тейлөөчү кызматкерлеринин тамак-аштарына жана транспорт чыгымдарына материалдык колдоо көрсөтүү менен кирип чыгуу *(“текучесть кадров”)* маселесин оңго чечүү, аткарган иштеринин сапатын жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 23-январындагы №22 сандуу “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттары жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 сандуу “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомдорунун негизинде Кара-Көл шаардык кеңештин 2010-жылдын 21-майындагы №69/19-5, 2016-жылдын 4-июлундагы №94/34-6, 2019-жылдын 10-апрелиндеги №153/27-7 сандуу токтомдору менен айдоочуларга **- 3200 сом**, ар түрдүү жумушчуларга - **5500 сом**, кароолчуларга - **1000 сом**, кенже тейлөөчү кызматкерлерге - **3500 сомдон** тамак-аштарына жана транспорт чыгымдарына кошумча төлөнгөн үстөк төлөмдөр төлөнүп келингендиги белгиленсин жана аталган кошумча төлөмдөр боюнча “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге кошумча үстөктөрдү кошуу жөнүндө” шаардык кеңештин 05.09.2024-ж. №187/39-8 сандуу өзүнчө кабыл алынган токтому 2025-2026-жылдарга күчүндө калтырылсын.

3. Кара-Көл ШММБнын башчысы Т.М.Доулдаев, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын начальниги Ж.Т.Осмонкулов менен биргеликте Кара-Көл шаардык бюджеттин 2027-жылга бюджетти кабыл алууда ШММБнын айдоочуларынын, ар түрдүү жумушчуларынын, кароолчуларынын, кенже тейлөөчү кызматкерлеринин транспорт жана тамак-аш чыгымдарына материалдык колдоо көрсөтүү максатында кошумча төлөмдөргө сунуштап, шаардык кеңештин өзүнчө токтому кабыл алынаары белгиленсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кара-Көл ШММБна (Т.М.Доулдаев) Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Ж.Т.Осмонкулов) жүктөлсүн, ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамытканова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**24.02. 2026-ж. №01-09/5** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарын 2026-2030-жылдарга өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө**

Кара-Көл шаарынын мэриясынын бөлүм башчысы Г.О.Сатарованын Кара-Көл шаарынын 2026-2030-жылдарга өнүктүрүү программасын бекитип берүү жөнүндө сунушун жана Кара-Көл шаардык кеңешинин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановаы Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-бөлүкчөсүн жетекчиликке алып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XIV сессиясы **токтом кылат:**

ара-Көл шаарын 2026-2030-жылдарга өнүктүрүү программасы 1-тиркемеге жана 2026-2030-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасы боюнча иш-аракеттер планы 2–тиркемеге ылайык бекитилсин.

ара-Көл шаар аймагынын Кара-Көл шаардык кеңешинин 2025-жылдын 20-июнундагы “Кара-Көл шаарын 2025-2028-жылдарга өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө” № 33/7-9 токтому күчүн жоготту деп табылсын.

ара-Көл шаарынын мэриясына (Н.О.Орозбаев) 2030-жылга чейин шаардык бюджеттин жана тартылган каражаттардын көлөмүнө жараша зарыл учурда ушул токтомдун 2-тиркемесиндеги иш-чараларга өзгөртүү, толуктоо киргизүүгө уруксат берилсин жана ар бир жылдын жыйынтыгы менен киргизилген өзгөртүүлөр шаардык кеңеште бекитилсин.

ул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына ( Т.А.Мамыткановa) жана шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**1-тиркеме**

**2026-2030 - жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы**

**Кара-Көл шаары**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 5-июнундагы “2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндөгү” № 178 Жарлыгы жана Кыргыз Республикасын Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасын региондордун комплекстүү социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн программасын бекитүү жөнүндөгү” № 134 токтомунун алкагында толукталып иштелип чыкты.

| **1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ** | |
|---|---|
| Географиялык абал | Облустук маанидеги Кара-Көл шаары Жалал-Абад облусунун чыгыш тарабында жайгашкан. Шаар чыгыштан Токтогул району менен, батыштан Ноокен району менен чектешет.<br>Облустун борбору Жалал-Абад шаарынан алыстыгы 200 км. Республиканын борбору Бишкек шаарынан алыстыгы 400 км.<br>Кара-Көл 16.06.1962-жылы шаар тибиндеги поселок катары түзүлгөн, ал эми шаар статусун 07.01.1977-жылы алган. Шаардын эл аралык рынокторго түз кирүү мүмкүнчүлүгү аймактын башка облустары аркылуу ишке ашат. Кытай менен жакынкы чек арага чейин (Торугарт) автомобиль жолу менен 800 км, Ош аэропортуна чейин 320 км аралыкта турат. |
| Жалпы аянты (Га) | **41575,0 га / 415,750 км.кв, а.и Кетмен-Төбө айылы 747 га** |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | Негизинен тоолуу аймак, деңиз деңгээлинен 946 метрге чейин бийиктикте жайгашкан. Климаты континенттик, кыш мезгилинде кар аз жаайт. Аба-ырайынын минималдуу төмөнкү температурасы -10°С , ал эми жай мезгилинде температура 32°С чейин жетиши мүмкүн. Жайында орточо температура 27°С, кышында -2°С. |
| **Шаар аймагынын калкы (адам)** | **28101,а.и.**эркектер - 13765, аялдар 14336<br><br>Санарип аймакка катталганы : 25409 |
| СЭӨПтүн максаты | Бул программанын максаты:<br>**Шаар экономикасынын туруктуу өсүшүн камсыз кылуу;**<br>**Социалдык инфратүзүмдү жакшыртуу;**<br>**Кызмат көрсөтүүлөрдүн электрондук сервисин киргизүү;**<br>**Инновациялык ыкмаларды колдонуу менен жаңы жумуш орундарын түзүү;**<br>**Бизнес чөйрөсүнө а.и жашыл экономикага колдоо көрсөтүү, МЖӨ өнүктүрүү;**<br>**Муниципалдык менчикти эффективдүү башкаруу;**<br>**Туризмди өнүктүрүүгө шарттарды түзүү;**<br>**Шаардын башкы планын түзүү жана ага ылайык мейкиндикти башкаруу.**<br>Калкка экономикасы өнүккөн шаарда жашап, жумуш орду менен камсыз болуп, калктын жакырчылык деңгээлин 11,0%дан ашпаган деңгээлде кармап туруу менен эс алууга ыңгайлуу жашыл багы бар, жолдору асфальт, көчөлөрү жарык, балдарын өнүктүрүү үчүн билим берүү уюмдары жеткиликтүү, кызмат көрсөтүүлөрдү ыкчам пайдалана ала тургандай өнүккөн шарттарды түзүү. |

| **2-БӨЛҮМ. КАЛК** | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары** | | | | | | | | |
| **Категория** | *факт* | | | | *прогноз* | | | |
| | **2023 жыл** | **2024 жыл** | **2025 жыл** | **2026 жыл** | **2027 жыл** | **2028 жыл** | **2029 жыл** | **2030 жыл** |
| Жыл башындагы туруктуу калктын саны (адам) | 27460 | 27823 | 28101 | 28407 | 28716 | 29029 | 29345 | 29665 |
| *Өсүш темпи %* | 0,95 | 1,32 | 1,01 | 1,09 | 1,09 | 1,09 | 1,09 | 1,0 |
| Анын ичинде аялдар | 14051 | 14 217 | 14336 | 14511 | 14684 | 14836 | 14966 | 15129 |
| Жыл башындагы эмгекке жарамдуу курактагы туруктуу калктын саны | 14386 | 14526 | 14961 | 15080 | 15217 | 15355 | 15495 | 15636 |
| *Өсүш темпи (%)* | | 0,97 | 0,97 | 0,8 | 0,91 | 0,91 | 0,91 | 0,91 |
| анын ичинде аялдар | 7128 | 7200 | 7420 | 7540 | 7630 | 7709 | 7902 | 7974 |
| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча иштеген калктын саны(адам): | **6529** | **7236** | **6960** | **7093** | **7197** | **7296** | **7478** | **7665** |
| Айыл чарба | 1891 | 1891 | 1891 | 1891 | 1891 | 1891 | 1891 | 1891 |
| Өнөр жай: | | | | - | - | - | - | - |
| *Иштетүүчү* | 47 | 40 | 18 | 20 | 20 | 20 | 22 | 25 |
| *Электр энергиясы* | 1498 | 1498 | 1700 | 1741 | 1766 | 1810 | 1853 | 1900 |
| *Курулуш* | 1048 | 1048 | 1185 | 1185 | 1210 | 1210 | 1240 | 1270 |
| *Соода* | 500 | 550 | 600 | 650 | 700 | 750 | 800 | 850 |
| *Транспорт жана байланыш* | 16 | 14 | 29 | 29 | 31 | 33 | 35 | 37 |
| *Башка кызматтар* | 1529 | 2195 | 1537 | 1577 | 1577 | 1577 | 1627 | 1677 |
| *Калдыктарды кайра иштетүү* | 0 | 0 | 0 | 0 | 2 | 5 | 10 | 15 |
| **Жумушсуздардын саны** (адам): | 154 | 149 | 152 | 150 | 148 | 146 | 144 | 142 |
| *Өсүш темпи %* | | | | | | | | |
| анын ичинде аялдар | 112 | 137 | 79 | 75 | 70 | 65 | 60 | 55 |
| **Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган калктын саны** (адам) | 625 | 695 | 583 | 479 | 475 | 474 | 470 | 465 |
| *Өсүш темпи %* | | 11,2 | -16,1 | -17,8 | -0,83 | -0,2 | -0,84 | -1,1 |
| Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны (эл аралык миграция | 636 | 543 | 423 | 420 | 410 | 400 | 385 | 372 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| боюнча кеткендер, адам) | | | | | | | | |
| *Өсүш темпи (%)* | | -1,24 | -14,6 | -22,1 | -0,7 | -2,4 | -2,0 | -1,5 |

**2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо**

Эмгекке жарамдуу калк менен жумушу бар адамдардын ортосундагы айырмачылыктар өтө чоң болуп жатат, анын себеби Достук заводу ишканасы жабылды. Жумушу орду жок , турак жайы жетишсиз болгон жарандар миграцияда жүрүшөт, жумушу жок студенттер жана эч жерде каттоосу жок жалданма жумушчулар бар, ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жумушсуз адамдар менен түшүндүрүлөт.

Миграциядагы жарандарды кайтаруу үчүн, жеке турак жай куруу үчүн жаштарга жер участокторун бөлүп берүү, ипотекалык турак жай курулушуна жер тилкесин бөлүү, Салык кызматы жайгашкан имаратты бошотуп бала бакча ачуу, чакан жана орто бизнести түзүүчү ишканаларды колдоп жумуш орундарын түзүү керек. Ири дүкөндөр чакан чекене бизнести “жок кылууда”, андыктан аялдар үчүн жумуш жок.

Кайра окутуу курстарында окутуу жүргүзүү; туристтик багытта ишкерликти колдоо зарыл. Улуттук долбоор Камбар-Ата-1,2 ГЭСтеринин курулушун баштоо иштери жумуш менен камсыз кылууга өбөлгө болот.

**3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА**

**3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура**

| **Категория** | *Фактк үтүлгөн* | | | | *прогноз* | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж** | **2028 ж.** | **2029 ж.** | **2030 ж.** |
| Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк (%) | 81,71 | 79,12 | 77,71 | 77,71 | 77,8 | 80 | 85 | 87 | 90 |
| Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу (%) | 86,58 | 83,07 | 81,65 | 81,65 | 82 | 85 | 88 | 90 | 91 |
| Ички жолдордун жалпы узундугунан (52,635км) канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү (%) | 7,8<br>4 км | 14,4<br>7,6 км | 15,2<br>8 км | 28,5<br>15км | 47,4<br>25 км | 66,5<br>35км | 81,6<br>43км | 91,1<br>48км | 100<br>52,6 км |
| Көчөлөрдүн жалпы санынан жарыктандырыл-ган көчөлөрдүн үлүшү (%) | 35 | 35 | 35 | 36 | 38 | 40 | 45 | 65 | 80 |
| Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны (адам) | 500 | 525 | 550 | 600 | 630 | 680 | 750 | 800 | 900 |
| Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны (адам) | 100 | 120 | 126 | 130 | 145 | 150 | 165 | 200 | 250 |
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | 31 | 31 | 41 | 44 | 47 | 49 | 50 | 60 | 70 |
| Балдарды мектептик билим менен камтуу (%) | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли (адам) | 1/800 | 1/897 | 1/927 | 1/936 | 1/947 | 1/957 | 1/967 | 1/978 | 1/988 |
| Калктын турак жай менен камсыз болушу (бир адамга жалпы аянттын кв. м) | 13,3 | 13,1 | 13,1 | 13,1 | 13,5 | 13,6 | 13,7 | 13,8 | 13,9 |
| Шаар калкынын борбордук жылытуу менен камтылган абоненттеринин саны | 3778 | 3778 | 3778 | 3778 | 3927 | 3950 | 3970 | 3985 | 4000 |
| Шаар ичиндеги аялдамалар саны | 3 | 3 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 8 |

**3.2. Учурдагы кырдаалды анализдөө**

**Таза-суу маселеси:** Таза суу менен камсыз кылуу негизинен ТГЭСКна караштуу КИК аркылуу шаар тургундарына 4126 абонентке, ал эми "Достук заводу" АКнын суу топтоо курулмалары муниципалдык менчикке өткөндөн кийин ШММБ аркылуу 1063 абонентке берилет. Кетмен-Төбө айылында жана Төш-Мазар, Ак-Кыя-1көчөлөрүнө суу бир суткада 5 саат берилет. Ак-Кыя-2, Канат жана Чоң-Таш көчөлөрүнүн тургундары бургулоо жолу менен алынган суу менен камсыз болууда, аларды ичүүчү таза суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу системасына кошуу керек. Чоң-Таш көчөсүнө бургулоо жолу менен суу чыккан, ар бир үйгө жеткирүү үчүн трасса куруу керек. Ичүүчү сууга шаардык кеңеш бекиткен тарифтин 1 метр куб үчүн 9,45 сом (водоснабжение, водотоведение, мусор), мэрия тарабынан берилген сууга келишимдер 2026-жылы түзүлөт, буга чейин алар суу үчүн акы төлөгөн эмес.
Көйгөйдү чечүү үчүн долбоордук сметалык документтерин даярдап, 2030-жылга чейин этап этап менен республикалык жана жергиликтүү бюджеттен акча каражаты бөлүнүп аткарылат.
**Таштанды маселеси:** Тиричилик калдыктарын ташуу кызматы ТГЭСК жана ШММБ тарабынан көрсөтүлөт, андагы абоненттердин саны- 5200 кожолук.

Шаардын аймагында тиричилик калдыктарын тазалоо жумуштары Токтогул ГЭС каскадына караштуу коммуналдык ишканалар комбинаты жана шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан жүргүзүлөт. 2026-2027-жж аралыгында КИКти өткөрүп алуу жагы каралууда. Келечекте шаарды таза сактоо үчүн атайын таштанды ташуучу техникаларды сатып алуу,ар бир көчөгө таштанды контейнерлерин орнотуу зарыл. Шаар тургундарына жана жаштар арасында таштандыларды атайын жайларга таштоо боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүлүп, таза шаарга айлануу жагы күтүлүүдө.
**Жол маселеси:** Ички жолдордун узундугу жалпы 52,635км, анын ичинен 22,635км магистралдык автожол Токтогул ГЭС каскадынан мэрияга өткөн, шаардын ички жолдору 30 км. Жолдордун ичинен 15 км узундуктагы жолдун абалы жакшы, калган бөлүгүнө асфальт төшөө талап кылынат, алар: Ак-кыя 1, Көк-Бел, Серый, Хуриев, Сабиров, Бөкөмбаев, Кулданбаев, Бекташ, Чубак ажы Жалилов, Кайыңды, К.Мусуралиев, С.Далбаев, Т.Осокеев, Канат, Турусбеков, Ажиматов, ж.б

Жол маселеси оңдолгондон кийин эл үчүн бир топ жакшы шарттар түзүлөт. Биринчиден, жол коопсуз болуп, жол кырсыктары азаят. Айдоочулар да, жөө жүрүүчүлөр да эркин жана коркпой жүрө алышат. Экинчиден, унаалардын жүрүшү жеңилдеп, тыгындар кыскарат, адамдар убактысын үнөмдөйт. Коомдук транспорт да өз убагында каттай баштайт. Мындан тышкары, соода-сатык жанданып, жүк ташуу жеңилдейт, бул аймактын экономикалык өнүгүшүнө шарт түзөт. Тез жардам, өрт өчүрүү сыяктуу кызматтар керектүү жерге ыкчам жетет. Чаң азайып, айлана-чөйрө да таза болот. Жалпысынан алганда, жол оңдолгондон кийин элдин жашоо сапаты жогорулап, аймактын өнүгүшүнө жакшы таасир берет.
**Жарыктандыруу маселеси:** Шаардын аймагында көчө жарыгы 36% га орнотулган.

Шаардын ички көчөлөрүнөн жарыктандыруу орнотула турган көчөлөргө Төш Мазар, Ак-Кыя 1, Ак-Кыя 2, Канат, Кайынды, Чоң-Таш, Курманалиев, Акташ, Чубак ажы көчөлөрү кирет. Мунун кесепетинен түнкү убакта коопсуздук маселеси курч бойдон калууда. Караңгы көчөлөрдө

жол кырсыктарынын, уурулук жана башка мыйзам бузуулардын коркунучу жогорулайт. Жөө жүрүүчүлөр, айрыкча окуучулар менен кары-карттаңдар үчүн жүрүү кооптуу болуп жатат. Ошондой эле айдоочуларга жолду так көрүү кыйын болуп, авариялык абалдар көбөйүшү мүмкүн. Мындан тышкары, көчөлөрдүн жарыксыздыгы шаар тургундарынын жашоо сапатына терс таасирин тийгизип, кечки убакта элдин эркин жүрүүсүн чектейт. Ошондуктан аталган көчөлөргө заманбап жана сапаттуу жарыктандыруу системасын орнотуу зарылчылыгы бар.

Жарыктандыруу маселесин чечүүнүн негизги максаты – шаар аймагындагы көчөлөрдү толук жана сапаттуу жарыктандыруу аркылуу тургундар үчүн коопсуз жана ыңгайлуу шарт түзүү болуп саналат. Тактап айтканда, Төш Мазар, Ак-Кыя 1, Ак-Кыя 2, Канат, Кайынды, Чонташ, Курманалиев, Акташ, Чубак ажы көчөлөрүнө заманбап жарыктандыруу системасын орнотуу аркылуу түнкү коопсуздукту камсыз кылуу, жол кырсыктарын жана кылмыштуулукту азайтуу, жөө жүрүүчүлөр менен айдоочулар үчүн ыңгайлуу шарт түзүү максат кылынат. Ошондой эле шаар тургундарынын жашоо сапатын жогорулатуу жана шаардын инфраструктурасын жакшыртуу негизги максат болуп эсептелет.

**Калкты жылуулук менен камсыздоо маселеси:** Борбордук жылытуу берүүнүн эффективдүүлүгүн арттыруу, жоготууларды азайтуу боюнча борбордук жылуулук системасын реконструкциялоо, энергиянын эффективдүлүгүн жогоруулату жана башкаруу процесстерин санариптештирүү жана интернет аркылуу кызматтарды көрсөтүүнү өнүктүрүү керек.

